# АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАРДЫН ӨМҮРҮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНА АРНАЛГАН КИРИШҮҮ САБАГЫН УЮШТУРУУ

**АМАН КЫЗЫ БАКЫТГҮЛ**
*п.и.к., доцент, С.Нааматов атындагы НМУ*

Адатта кириш сабакты туура алып баруунун негизги максаты белгилүү даражада жаңы материалды окуу ишине окуучулардын көңүл буруусун жана кызыгуусун даярдоо болуп эсептелине тургандыгы жалпыбызга маалым. Улуттук адабиятыбызда ар кыл жанрларды негиздөөчүлөрдүн өмүрү чыгармачылык жолдору сыяктуу маселелер менен тааныштырып баштоо алдында бир катар уюштуруу иштерин колго алуу өз натыйжасын бербей койбойт. Кириш сабагынын максаты окуучулардын адабий чыгарманы окууга карата болгон эмоциясын ойготуу, чыгармадагы идеалдарды жана образдарды терең түшүнүшүнө жол ачуу, аларды туура кабыл алып, туура кабылдоосуна шарт түзө тургандыгын окумуштуу Киреше Иманалиев өз эмгектеринде таамай белгилеген. Ал үчүн мугалим сабакты өтүлгөн материалды эске түшүрүүдөн баштоосу максатка ылайык. Ошондой эле тигил же бул акын- жазуучунун өмүр баяны жөнүндө жана алардын чыгармасынын жазылыш тарыхы жөнүндө маалымат берүүгө болот. Айрым учурда тарыхый, маданий-турмуштук маалыматтарды берүү менен бирге ошолдоорго туш келген тексттеги түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүрүү ишин да жүргүзүү талапка ылайыктуу.

Жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгынан кабар берүү-адабиятты окутуунун методикасындагы эң маанилүү маселелердин бири. Көрүнүктүү жазуучулардын өмүр жолу окуучуларга канчалык таасирдүү айтылса, алардын программалык чыгармаларынын идеялык-эстетикалык мааниси ошончолук түшүнүктүү да, жугумдуу да болот (1, 18-22).

Акын-жазуучулардын өмүр баяны менен таанышып жатып, окуучу ал жашаган доор, социалдык түзүлүш, коомдук мамилелер жана ошол убактагы саясий-коомдук маселелер жөнүндө түшүнүк алат. Ошондуктан жазуучунун жашаган дооруна, ал жазган чыгарманын жазылыш тарыхына окуучулардын көңүлүн буруу керек. Бул жөнүндө Н.К.Крупская мындай деген: «Тигил же бул белгилүү чыгарманын кайсы убакта жазылганын билбей туруп, ал чыгарманы окуучулар өздөштүрө албайт. Бул - эң негизги нерсе» (4, 280-285). Ошондой эле бул багытта көптөгөн окумуштуулардын айткандарын, эмгектерин бир катар мисалга тартууга да болот. Сабакта акын-жазуучунун өмүр баянын окутууда маанилүү фактыларды тандап алуу керектигин жана бул тууралуу маанилүү фактыны, окуяны айтпай коюу мугалимди чайналта тургандыгын М.К. Эгерштром өзүнүн «К вопросу об изучении биографии писателя в школе» деген макаласында таамай белгилеген.

Акын-жазуучунун өмүр баяны жана чыгармачылыгы тууралуу кабар бергенде ошол жазуучунун же акындын өзүнө тиешелүү болгон өзгөчөлүгүнө, адабияттан алган ордуна жана ошол адабияттын өсүшүнө кошкон жаңылыгын, ал жашаган коом жана эл менен болгон байланышына, стилдик өзгөчөлүгүнө жана анын чыгармачылык өсүшүнүн негизги этаптарына, коомдук саясий көз карашына токтолуу керек. Лекция-сабакты жүргүзүүдөн мурда мугалим ошол сабактын негизги максатын белгилеп алууга тийиш. Негизги максатты белгилөө ошол автордун чыгармачылык жолуна чып берүүдө материалдарды тандап алууга, анын негизги ордун белгилөөгө мүмкүндүк ачат. Ар бирин сандын чыгармачылыгы өтүлүп жаткан өзүнө гана мүнөздүү болгон бөтөнчөлүгү бар, Ошондуктан ар бир акын жазуучунун өз замандаштарынан болгон айырмачылыгын, өзгөчөлүгүн так айтып берүүгө тийиш. Жогорудагы айтылган ойлорду эске алуу менен мугалим адабий автордун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө окуучуларга тийиштүү маалыматтарды лекция-ангеме формасында берсе талапка ылайыктуу болорун практикадан байкап келебиз. Алардын өмүрү жана чыгармачылык жолу тууралуу лекция-сабакты активдүү сабак формасы катары уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, окутуудагы инновация, инновациялык технологиялар тууралуу кеп козгоо зарыл болуп турат. Дегинкиси, окутуу ишиндеги инновация дегенде жалпы эле жаңылануу менен катар анын ичтен жаңылануусун түшүнүү ылайык. «Инновация – бул окутуу ишинде буга чейин колдонууда болуп келген салттуу методдордун, окутуу технологияларынын ичтен жаңылануусу, окутуу методдорунун ички катылуу мүмкүнчүлүктөрүн ачыкка чыгаруу. Аракетке келтирүү негизинде аларды бүгүнкүнүн талаптарына ылайык келгендей

кайрадан иштеп чыгып, кадимки сабак процессинде пайдалануу. Мисалы, бөтөнчө популярдуулукка ээ болуп жаткан сынчыл ойлом, ой калчоо сыяктуу окутуу ыкмаларын демейки биз билген проблемалык окутуунун инновациялоого – ичтен жаңылоого болгон аракеттин бир мисалы катары кароого болот. Арийне, бул аракеттин кайтарымы канчалык, деги жылыш болдубу, же такыр эле тескерисинен кеттиби, бул - өзүнчө маселе» (5, 62). Чындыгында адабият сабагында кайсыл гана авторду өтпөйлү окутуунун ар тараптуу ыкмаларын колдонуп, сабакты кызыктуу кылып өтсөк, окуучунун ошол акын-жазуучунун жазып калтырган чыгармаларына болгон сүйүүсү артып, кызыгуусу пайда болмокчу. Өтүлүп жаткан жаңы тема болуп жаткан өмүрүнө байланыштуу кириш сабагында автордун чыгармачыл дүйнөгө болгон кызыгуусу, анын алгачкы

чыгармасынын жарык көрүүсүндөгү автордук толкундоолорду кенениреэк түшүндүрүп, муну менен катар окуучулардын буга болгон көз караштарын, байкоолорун ортого салуу жана алардын пикирлерин угуу сабактын эффективдүүлүгүн гана арттырмакчы.

### Адабияттар

1. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. I китеп.-Ф.: Мектеп,1981; II китеп—Ф.: Мектеп,1984.
2. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун орчундуу маселелери.-Ф.: Мектеп, 1984.
3. Ишекеев Н. Жалпы билим берүүчү орто мектептерде прозалык чыгармаларды окутуунун айрым маселелери боюнча методикалык колдонмо.-Ф: Университет, 1987.
4. Крупская Н.К. Об учебнике по литературе. Сб. О воспитании и обучении. – М., 1946.
5. Оторбаев Б. Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары. – Б., 2010.